**Улуу урматтуу Чыңгыз Айдарбеков**
**Кыргыз Республикасынын**
**Тышкы иштер министри**

2019 жылдын 23 октябры

**Урматтуу министр,**

Кыргыз Республикасынын эл аралык мамилесинин башаты болгон кыргыз дипломатиялык кызматынын түзүлгөндүгүнүн 75 жылдык маракеси менен сизди жана жалпы кыргыз дипломаттарын өзүмдүн жана Түрк Кеңешинин атынан чын жүрүктөн куттуктайм!

Кыргыз дипломатиясы кыргыз эли менен кошо эле жашап, көп кылымдарды карытып, сыноолорго карабастан кылымдар бою дипломатиялык мамилелерди сүйлөшүү жолу менен чечип, эл аралык мамилелердин өнүгүүсүнө чоң өбөлгө түзгөн. Кыргыз дипломаттары Кыргыз өлкөсүн ыраттуу өнүктүрүүгө жана социалдык-экономикалык жактан өсүшүнө шарттарды түзүп, Кыргызстандын жалпы эле эл аралык аренадагы аброюн көтөрүп, аны менен катар эле Түрк дүйнөсүнүн ынтымакташтыгына салым кошуп келишет. Кыргыз дипломатиясынын 75-жылдыгы белгиленип жаткандыгы бир тууган катары бизди да аябай кубандырат. Кыргыз дипломатиясы түрк дүйнөсүнүн өз ара ынтымагын жана жардамдашуусун бекемдеп, мындан ары да тереңдетет деп толу кандуу ишенем.

Учурдан пайдаланып, Түрк кеңешинин төрагалыгын ушул жылы ийгиликтүү өткөрүп бергенинизздер үчүн Кыргыз өкмөтүнө, сизге жана сиздин дипломатиянын өкүлдөрүнө чоң ыраазычылык билдиребиз. Кыргыз Республикасы төрагалык кылган мезгилде Түрк Кеңеши жана Түрк дүйнөсү үчүн тарыхый жана маанилүү жетишкендиктер болду.

Түрк кеңеши катары да биз кыргыз дипломатиясынын өнүгүшүнө тилектешпиз жана мамилелерибиз мындан ары да өсүп-өнүгөт деген ойдобуз. 75-жылдык маарекеси менен чын дилден куттуктоо менен, Сиздерге чың ден-соолук, ишиңерге ийгилик, жакшы идеяларды жана аларды ишке ашырууда жигердүүлүктү каалайм. Кыргыз дипломатиясы кыргыз эли-жерине жана жалпы эле боордош түрк элдеринин ынтымагына салым кошуп, албан-албан ийгиликтерди жарата берүүсүн тилеймин.

**Сизди урматтоо менен,**

**Багдат Амреев**
**Түрк Кеңешинин**
**Башкы Катчысы**